2020-2021

Катышуучунун коду
Код участника

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын II (райондук) этабы

# Тарых

**1-күн**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Фамилиясы/ Фамилия | | Аты/Имя | |
| Атасынын аты/ Отчество | | | |
| Мектеби/Школа | | Айылы/ Село | |
| Району/Район | | Шаары/ Город | |
| Облусу/Область | | | |
| Телефону/ Телефон | | | |
| | | | |

Упайы
Баллы

Катышуучунун коду
Код участника

# Нускама

**Аткаруу убактысы – 3 саат.**

**Тарых боюнча республикалык олимпиаданын II (райондук) этабынын биринчи туру – практикалык тур.**

Биринчи турдун тапшырмасы – тарыхый темага карата берилген текстти окуу жана түшүнүү.

Баалоодо калыстар тобу төмөнкүлөрдү эске алат:
1) текстке карата берилген суроолорго тастыкталган жооптор;
2) теманы чыгармачыл мүнөздө кабыл алуу;
3) текстте кездешкен тарыхый фактыларды жана терминдерди сабаттуу колдонуу;
4) так жана далилдүү жооптор.

***I.***

***“Акак мончоктун саякаты” деген аңгеме беларусиялык археолог Анастасия Костюкевич тарабынан Борбордук Азиядагы, Поволжьедеги жана Беларусиядагы археологиялык изилдөөлөрдүн негизинде жазылган. Анда Х кылымдын ортосунда Азиядан Европага кеткен соода жолдору сүрөттөлгөн.***

***Аңгемени окуп чыгып, анын аягында берилген тапшырмаларды аткаргыла. Тапшырмаларды аткарууда аңгеменин аягында орун алган соода жолдорунун карталары силерге жардам берет.***

**Акак мончоктун саякаты**

Тээ Чыгышта, ысык Орто Азиянын тоолорунда илгертеден бери күндүн ташын – алтын шабдалы түсүндөгү акакты, тоолордун катып калган оттуу канын казып алышчу.

Акак таш өз мекенинде да, шан-шөкөттүү текебер Византияда да, суук тумандуу Түндүктө да бааланчу жана жактырылчу – ага ээлик кылган кишиге акак таш бакыт алып келет деген ишеним бар болчу. Акактан көбүнчө чоң, кичине кызыл, сары мончоктор жасалып, алар кыз-келиндердин сүйүктүү жасалга, тумарлары болчу. Ишеним боюнча, мындай мончокту тагынган ар бир аял бактылуу, ак жолтой болуп, кайгы-капалар анын үйүн айланып өтмөк; телегейи тегиз, аруу сүйүү менен шаңдуу бөбөк күлкүсү жүрөгүн жылытмак. Дал ошон үчүн акак мончоктор абдан эңселген жасалга, аял жүрөгүнө жагымдуу белек болчу. Мончоктор дүйнөнүн төрт тарабына ташылчу, майда акак саякатчылар ээлерин сүйүндүрүп, шуру түрүндө жаркыраш үчүн миңдеген чакырымдарды басып өтчү.

…Аптаптуу күн эле – мындай күндөр Орто Азия үчүн кадыресе көрүнүш болчу: ак-көгүш айнектей асман, кургак ысык, шыңгыраган арыктардын боюнда гүлдөгөн розалардын ысык абада жайылган жыпар жыты. Бастырманын астында жылмалоочу станоктун жанында бир уста акак таштан мончок жонуп жаткан. Жумуш аяктаганда, уста мончокко үңүлдү: анын кырларында күн нуру ойноп, мончок Чыгыштын бүт демин өзүнө камтыгансып турду.

Бул акак мончок тээ узак Чанъань шаарынан товарлары менен келген бир чоң кербен Бухарада турган күндөрү бир шаардык уста тарабынан жасалган.

Бир күнү устаканага бир семиз көпөс келип, устага күмүш дирхем тыйын берип, акак мончокту алып кетти.

Көп өтпөй кымбат баалуу кездемелер, атырлар жана жасалгалар жүктөлгөн кербен жолго чыкты. Акак мончок өзүнөн мурун бир айнек мончок жаткан булгаары капчыкка түштү.

«Мен узак жерлерге барам!..» – деп сүйүнүчүн бөлүштү акак мончок.

«О, бул – чындык. Саякаттоо абдан кызыктуу. Мен Жер Ортолук деңизден алыс эмес жерде, Дамаскта, туулгам. Андан соң бир араб көпөс мени Бухарага алып келип, Индия татымалдарына алмаштырган. Эми кербен башка деңизге барат, анан биз чоң дарыя менен сүзүп жөнөйбүз».

Кербен азыркы Тажикстандын өрөөндөрү, Иран жалпак тоолору менен батышка бара жатты. Жол татаал жана кооптуу болчу. Акыры кербенчилердин көзүнө Каспий деңизи көрүндү.

Кемелер көпкө жүктөлдү, бирок сапар тынч өттү. Учурда Волга деп аталган Итил дарыясынын куйган жериндеги Итил соода шаарында көпөс мончоктор салынган капчыкты Булгар шаарынан келген бир соодагерге сатты. Азыр бул орто Волгадагы Булгар шаары – көк асман, күмүш шыбак, байыркы мунаралар, талаада уктап жаткан унутулган хандардын күмбөздөрү.

Соода кемелери дарыянын бийик жээгинде жайгашкан Булгарга жеткенче, дагы көп күн Итил-Волга менен жогору сүздү. Ала-була, ызы-чуулуу базар күүлдөп жатты. Мында кимдер гана жок эле – сакалы кына менен боёлгон персиялык соодагерлер, шамдагай талаалыктар, сары чачтуу славяндар, Мавераннахр шаарларынан келген оор басырыктуу көпөстөр.

Соодагер товарын жайып, алармандарды чакыра баштады эле, алар да көпкө күттүргөн жок. Биринчи алармандарды малайларынын коштоосунда жүргөн бир аттуу-баштуу төрө болду. Соодагер дароо ага коло күзгүнү сунду. Аларман жылмайды – бул товарды ал көптөн бери күтүп жүргөн. Дагы бир нече кесим жибек сатып алды. Дал ушул ирмемде айнек мончок анын көзүнө

урунду. «Майрам кийимдерине куп жарашат экен», – деп ойлонгон аларман кымбат баалуу товар үчүн көпөскө ичинде дирхемдери бар булгаары капчыкты сунду.

Акак мончок айнек мончокту муң менен узатты. Бирок ошо маалда бастырманын жанында узун бойлуу сары чачтуу эки түндүктүк киши пайда болду.

Чоң манжалар аны алганда, мончок үн чыгарбай «өх» деди.

– Колуктума белек болот, – деди сары сакалдуу келишимдүү баатыр жана соодагерге суусар терисин сунду. Соодагер терини этияттык менен килем баштыгына салды. Акак мончок болсо Византиядан келген алтын-айнек ойсокелер жана түркүн түстүү жаркын көздөрү менен таң калып караган, Сириядан келген кара тору сулуу менен бирге булгаары баштыкчага түштү.

Ак жуумал баатырдын аты Всеслав эле, ал ак боз Батыш Двинанын ийри бурулуштарынын үстүндө керилип жаткан Полоцк шаарында төрөлгөн. Всеслав Булгарда баалуу аң-тери – суусар жана киш аң-терисин саткан новгороддук көпөстөрдүн сакчыларынан эле. Чыгыштын көпөстөрү аң-терилерди алыскы Азия жана Кытайга алып кетишчү.

Түндүктүктөр Волганын жогору бөлүгүнө, ал жерден Мете өзөнү аркылуу Ладога көлүнө барышмак. Ал жакта, кийинчерээк Ладога деп аталып калган ызы-чуулуу Айдельгьюборгдо, Всеслав түндүктүк достору менен коштошту. Алардын кайыктары андан ары түндүккө, деңиз туманына, өздөрү тулуп-өскөн фиорддорго бет алды.

Всеслав туштуктү көздөй, үйүнө карай бурулду. Кайыгы Батыш Двинанын куйган жерине чейин көлдөрдө көпкө сүздү. Акыры кыйырда Всеславдын шаары Полоцк көрүндү. Пристанда колуктусу Праскева аны тосуп алды, акак мончок ага белек кылынды.

– Мен сени кандай сүйөрүмдү айтып бериш үчүн акак мончок чөлдөн өттү, деңиздер менен дарыялардан сүзүп өттү.

«Мен сага бакыт алып келем, – деп ойлоду мончок. – Кичинекей жүрөгүңдү өз табым менен жылытам, Чыгыштын бешик ырларын шыбырап ырдап берем, сарсанааларыңды кетирем…»

Мончок Праскеваны, анын кыздары менен неберелерин көп жылдар бою сүйүндүрүп жүрдү. Бирок бир күнү булгаары жип үзүлүп, акак мончок жыгач төшөмө жолдун астына түшүп кетти.

…Бүтүндөй миң жыл өттү. Мончок археолог кыздын алаканында жатты. «Сен соода жолдору жөнүндөгү китептин каарманы болосуң, анткени мончоктор байыркы доорлордогу соода байланыштары жөнүндө баарынан жакшы айтып бере алышат да», – деп шыбырады мончокко археолог.

Анастасия Костюкевич

Тапшырмалар:

1. Акак мончок кайсы ири соода жолдору менен саякаттаганын санап бергиле.

____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________

2. Бул соода жолдору орто кылымдагы кайсы мамлекеттердин аймактарынан өткөн?

____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________

3. Бул соода жолдорун кайсы деңиздер байланыштырып турган?

____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________

4. Бухарада жана Булгарда көпөстөр эмне үчүн араб дирхемдери менен төлөм жүргүзгөндүгүн түшүндүрүп бергиле.

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

5. Булгарда көпөс эмне үчүн мончоктун төлөмү катары акча эмес, суусардын терисин алганын түшүндүрүп бергиле.

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

6. Жогорку тапшырмалардын жыйынтыгы катарында мамлекеттердин, экономиканын жана маданияттын өнүгүшүндөгү соода жолдорунун тарыхый ролун аныктап бергиле. Жообуңарды мисалдар менен тастыктагыла.

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________




Волга
соода
жолу
Ладога көлү
Онега көлү
Нева дарыясы
Ладога
Белоозеро
Балтика деңизи
Городище
Волхов дарыясы
волок
Изборск
Ильмень көлү
Волга дарыясы
Полоцк
Смоленск
Булгар
Чернигов
Киев
Переяславль
Саркел
Волга дарыясы
Днепр дарыясы
Итил
Кара деңиз
Дербент
Каспий деңизи
Баку
Константинополь
Жер ортолук деңиз


к-я.рф
Ладога көлү
Онега көлү
Балтика деңизи
Нева дарыясы
Ладога
Белоозеро
Волхов дарыясы
Новгород
Изборск
Ильмень көлү
волок
Полоцк
Волга дарыясы
Булгар
волок
Смоленск
Чернигов
Киев
Переяславль
Днепр дарыясы
Саркел
Волга дарыясы
Днепр соода жолу
Итил
Кара деңиз
Каспий деңизи
Дербент
Баку
Константинополь
Жер ортолук деңиз